**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЛДЫНДАГЫ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ–ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.17.559**

Кол жазма укугунда
**УДК:316. 811**

**УСУБАЛИЕВА АЙНУРА АБДЫЖАПАРОВНА**

# КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАРЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-НИКЕ МАМИЛЕЛЕРИНИН ӨЗГӨРҮШҮ

22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек - 2017**

Диссертациялык иш Ж.Баласагынатындагы Кыргыз улуттук университетинин социология жана социалдык иштер кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** Социология илимдеринин доктору, профессор
**Бектурганов Кубанбек Бектурганович**

**Расмий оппоненттер:** Философия илимдеринин доктору, профессор
**Исаев Кусеин**

Социология илимдеринин кандидаты
**Мусаева Айгуль Каныбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социология кафедрасы, Бишкек шаары, Ч.Айтматов проспекти, 27

Диссертация 2017-жылдын «31» октябрында саат 14.00 Кыргыз Республикасынын президентинин алдындагы башкаруу академиясы жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз–Орус славян университетине караштуу саясый жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденипалуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.17.559 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, Панфилов көчөсү, 237, 1 корпус, 3 этаж, ауд. 304/1.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын президентинин алдындагы башкаруу академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, Панфилов көчөсү 237, 1 корпус, 1 этаж

Автореферат 2017-жылдын «28» сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин кандидаты** **Ч.Ш. Абдыраманова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Бүгүнкү күндө кайсы гана коомду үй-бүлө институтусуз элестетүү кыйын. Ал социумдун ажырагыс бөлүгү жана аны уюштурууга түздөн-түз катышат. Бекем үй-бүлө – гармониялуу жана өнүгүүчү коомдун негизи болорун окумуштуулар далилдешкен. Бирок, стресске, экономикалык көйгөйлөргө жык толгон бүгүнкү жашоо үй-бүлө мамилелерин өзгөртүп, кээде бузулууга чейин алып барат. Ошондуктан жаш муунду бекем үй-бүлө курууга даярдоо заманбап коом үчүн өтө актуалдуу. Г.И. Климантованын ою боюнча, акыркы изилдөөлөр «үй-бүлөдөгү көптөгөн кризистик окуялар коом жана анын ар түрдүү институттары тарабынан олуттуу көңүл бурууну, никеге, ата-эне болууга мамилени өзгөртүүнү талап кылат» деген жыйынтыкка түртөт [77].

Мындан тышкары окумуштуулар тарабынан үй-бүлөлүк мамилеге терс таасирин тийгизүүчү кубулуштар аныкталган. Алар: жарандык нике, эсеп-кысап менен үйлөнүү, үй-бүлөлүк мамилелердин туруксуздугу, ажырашуулардын санынын көбөйүшү, үй-бүлөнүн тарбиялык милдетинин төмөндөшү, дайыма көчүп-конуп жүрүү, төрөлүү көрсөткүчүнүн төмөндөшү, муундар ортосундагы коомдук-маданий уламалуулуктун бузулушу ж.б. Булардын баары, биринчи кезекте, мамлекет жана жалпы эле коом тарабынан жаш үй-бүлөлөргө жетиштүү көңүл бурулбагандыгынын таасири.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына караганда, өлкөбүздө акыркы он жылдыкта ажырашуулардын саны жалпысынан 1,5 эсеге жогорулаган. Ведомствонун маалыматына ылайык, 2005-жылы республика боюнча 6097 ажырашуу болгон. 2015-жылга карата бул сан 1,5 эсеге жогорулап, 8588 түзгөн. Ажырашуулардын эң көп бөлүгү Чүй облусунда катталган –1806, Бишкек шаары боюнча -1519, Жалал-Абад облусунда – 1379, ал эми Ош облусунда – 1288.

Бул расмий гана маалыматтар экендигин унутпоо зарыл. Ошол эле статистикалык маалыматтар курактык топтор боюнча бөлүштүрүлгөн. Республика боюнча ажырашуулардын үчтөн бир бөлүгү беш жылга чейин бирге жашашкан жаш үй-бүлөлөрдө кездешкен. Жалпы ажырашуулардын ушундай бөлүгү жыл санап өсүүдө.

Бүгүнкү күндө кыргыз жарандарынын 1,5 миллиону ар түрдүү кырдаалдардан улам же өз каалоосу менен ички жана сырткы мигранттар катары турак-жайын которгон деген божомолдор айтылат. Мунун баары, сөзсүз түрдө, үй-бүлөнүн туруктуулугуна таасирин тийгизет, анткени азыркы түгөйлөр үчүн узак убакыт ар кайсы жакта жашоо нормага айланып бара жатат. Мындай үй-бүлөнү ажырашкан үй-бүлө деп да, толук

кандуу үй-бүлө деп да атоого болбойт. Ошентип, социологдор тарабынан үй-бүлөнүнсинонимдик аталышка ээ, эмгек миграциясынан улам жаралган жаңы тиби аныкталды: «дислокалдык» жана «дистанттык».

2010-жылы ММКлардагы кыргызстандык эмгек мигранттары материалдык кирешени издеп, үйүнөн сыртта жүрүп эле мобилдик байланыш аркылуу үй-бүлөлүк көйгөйлөрүн чечип жаткандыктары тууралуу маалыматтар элди дүрбөлөң түшүрдү эле. Күйөөсү ажырашуу жөнүндө оюн телефон аркылуу 3 жолу кабар (талак) жөнөтүү менен билдирет. Жыйынтыгында аялы колунда баласы менен жалгыз, жолдошунан алимент бөлдүрүп алууга соттошуу үчүн каражаты жок ортодо калат. Мындай кырдаал диний жол менен гана нике кыйылып, расмий түрдө катталбаган учурда кездешет. ММКлар мындай көрүнүштөргө тыюу салуу максатында коомдун көңүлүн бурууга багытталган.

Өспүрүм курактагы кош бойлуулук жана бойдон алдыруулар, кош бойлуулуктагы жабыркоолордон, төрөттөн улам 14 жаштан 28 жашка чейинки курактагылардын каза болуусу көбөйүүдө. Кыргызстандагы өспүрүм курактагы кош бойлуулуктун көпчүлүгү КРдин мыйзамдарында такталган нике курагына жете элек 17 жашка чейинки кыздардын айыл аймагындагы салт боюнча никеге тургандарга туура келет [171]. 17-18 жаштагы, ошондой эле 16 жашка чейинки никелер расмий каттоодон өтпөгөндүктөн, эрте никеге турууларды так эсепке алуу мүмкүн эмес.

Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы жаштардын үй-бүлө-нике мамилесин изилдөөнүн зарылдыгын аныктайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөөчү иштер менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын 2016-2020 жж. Жаштар саясатынын стратегиясынын планына кирет. Мындан тышкары автор тарабынан үй-бүлө-нике жаатындагы укуктук-ченемдик актылар иликтөөгө алынып келет. Диссертация автордун 2012-жылдан 2017-жылга чейинки илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз жаштарынын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөрүшүн аныктоо.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

- Үй-бүлө-нике институтун изилдөөнүн негизги теориялык ыкмаларын карап чыгуу;
- Үй-бүлө, никенин маңызын, милдеттерин жана классификациясынанализдеп карап чыгуу;
- Кыргызстандагы үй-бүлө жана нике институтунун өнүгүү динамикасынын эвалюциясын иликтөө;
- Кыргыз Республикасынын жаштар жана үй-бүлө саясатын, анын мыйзам чыгаруу жана институционалдык өнүгүү аспектилерин талдоо;

• Үй-бүлө-нике жаатындагы гендерлик роль жана стереотиптердин калыптануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо жана талдоо;

• Жаштардын үй-бүлө-нике мамилелеринин заманбап өзгөрүүлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

**Диссертациялык иштин жаңычылдыгы** жаштардын үй-бүлө-нике тармагын социологиялык талдоодогу милдеттерди аныктоосунда, коюлушунда жана чечилишинде көрүнөт жана аны төмөндөгүчө берүүгө болот:

1. Үй-бүлө-нике мамилелеринтеориялык-методологиялык ыкмалары системалаштырылды, тагыраак айтканда: тарыхый-эволюциялык, институционалдык, конфликтологиялык, структуралык-функционалдык жана гендерлик. Изилдөөнүн негизинде кыргыз үй-бүлөөсүнүн өзгөрүүсүнө гендердик ыкма негизги оорунду ээлери чагылдырылды, ал эркек жана аялдын социалдык абалынын айырмачылыктары тарыхый мезгилден бүгүнкү күнгө чейин шартталгандыгы менен аныкталат.

2. Заманбап шартындагы никелердин ар кандай формаларынын көптүгүнөн үй-бүлөнүн классификациясы түзүлдү. Революцияга чейинки авторитардык патриархалдык үй-бүлө формасы өзгөрдү, эгалитаризмдин жана конъюгалдык заманбап формаларына жол берди. Кыргыз үй-бүлөсүнүн милдеттеринин өзгөрүүсү коомдук социалдык институттарга өзүнүн милдеттерин жарым-жартылай өткөрүп берүүгө жетишти, алар: мыйзам, билим берүү, дин, саламаттыкты сактоо ж.б.

3. Үй-бүлө жана нике институтунун өнүгүү эволюциясынын этаптары каралды:

- революциялык мезгилге чейин, үй-бүлө куруунун негизги себеби тиричиликте жашап кетүү, болгон бийлик эркектин колуна топтолгон. Полигамия шартында аялдардын абалы айрыкча кыйын болгон.

- советтик мезгил убагында үй-бүлөдө өзгөрүүсүндө жаштар эркиндикке жана өз алдынчалуулукка жетише алышкан, коомдук турмушка кыргыз аялдарынын катышуусу жана алардын экономикалык көз карандысыздыкка жетишкендиги байкалат. Мамлекет үй-бүлө түзүлүшүндөгү милдеттердин (билим берүү жана балдарды тарбиялоо) олуттуу үлүшүн өзүнө алып, ажырашууга байланышкан иштерди кыйындатат.

- азыркы мезгилде жаштардын үй-бүлө жана нике мамилелерине болгон өзгөрүүлөрү жеке эркин мамилелердин пайда болушу жарандык никени, экономикалык пайдакөрүүнү (миграция, лабораториялык жол менен уруктандыруулар, пландуу жалгыз бой эне), виртуалдуулук, ошондой эле мамлекет тарабынан жетиштүү колдоо жана көзөмөлдүн жоктугу.

4. Революцияга чейин кыргыз үй-бүлөсүндө эрте никеге туруу тенденциясы сакталып келген, советтик мезгилде жана азыркы учурда

мындай никеге карата ченемдик укуктук актылар жана бир катар чектөөлөр бузулса ата-энеси жана диний кызматкерлер жоопко тартылат.

5. Үй-бүлө курууга жаштардын мамилелери салтту патриархалдык үй-бүлөдөн эгалитаризмге өзгөрүүсү каралган, никедеги (эгалитардык) заманбап түрүн жайылтуу жана гендердик мамилелерге жана стереотиптерге өзгөртүү киргизүү аркылуу гендердик мамилелердин табияттагы өзгөрүүлөрү каралат.

6. Жарандык никеге жаштардын маанайы эки тараптуу: жарандык нике азыркы коомдо мүнөздүү норма катары жаш адамдардын акылында бекемделген, экинчи жагынан, жаштар келечекте ушул сыяктуу үй-бүлө түзүүнү каалабагандыгы аныкталды.

**Практикалык маанисин** диссертациялык иштин материалдарынын жаштардын үй-бүлө-нике мамилелеринин мүнөздүү белгилерин аныктоодо колдонулуп жаткандыгынан байкоого болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган маалыматтар келечекте педагогдор тарабынан атайын программа жана колдонмолорду даярдоодо, билим алуучулардын гендерлик жана куррактык өзгөчөлүктөрүнө, мындан тышкары билим берүүчү мекеменин өзгөчөлүгүнө карай, жаш муундарды никеге даярдоодо колдонууга болот. Диссертациялык иштин жыйынтыктары үй-бүлө институтунун макамын жогорулатуу үчүн маалыматтык-агартуучулук аспектиде да пайдалуу болушу мүмкүн.

Диссертациялык иштин айрым жоболору ЖОЖдордо «Үй-бүлө социологиясы», «Заманбап жаштардын социологиясы», «Үй-бүлө таануу» ж.б. курстар боюнча семинарларды өткөрүүгө, лекцияларды окууга, жаңы дисциплиналарды ачууга жардам берет. Мындан тышкары аталган изилдөөнүн жыйынтыктарын жана сунуштарын КРдин жаштар саясатынын стратегиялык иштелмелерине, улуттук жаштар программаларына, тийиштүү иш-чараларга киргизсе болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана сунуштарын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын ишмердүүлүгүн оптималдаштырууда колдонсо болот.

Автордун теориялык жана колдонмо социологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде илимий натыйжалар жаралды жана ага ылайык **Коргоого жоболор чыгарылды:**

1. Үй-бүлө институту, эркектердин жана аялдардын ортосунда үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу боюнча алгачкы түрлөрүнөн өөрчүп өтүп жатат. Ар кайсы убакта, ар кандай доордо үй-бүлөнүн өздөрүнүн артыкчылыктуу түрү бар, бирок көбүрөөк же азыраак, дайыма үй-бүлө жана нике мамилелеринин түрлөрүн ар кандай формалары менен айырмаланат;

2. Азыркы үй-бүлө коомдо структуралык туруксуздук менен мүнөздөлөт, ал үй-бүлө жана нике мамилелери жаштардын көптөгөн түрлөрүнө байланыштуу чагылдырылган. Кыргыз үй-бүлөсүнүн

өнүгүшүнүн ар түрдүү этаптарында жаштардын үй-бүлө баалуулуктарын жокко чыгарышы, ошондой эле үй-бүлөлүк милдеттерде өзгөрүүлөр болуп: айрымдары жоголуп, айрымдары жаңы коомдук шарттарга ылайыкташууга дуушар болууда.

3. Кыргыз үй-бүлөсүнүн эволюциясы революцияга чейинки, советтик жана азыркы мезгилдерде үч этаптан өнүгүшүнүн негизинде каралат.

- революциялык мезгилге чейин, кыргыз үй-бүлөсүндөгү мамиледеги теңсиздик негизинен аялдардын күйөөсүнө экономикалык жана адеп-ахлактык, укуктук көз карандылыгында чагылдырылган.

-советтик мезгил убагында мамлекет толугу менен никелик жүрүм-турумунду жөнгө салган. Бул адамдын кадыр-баркына жубайлардын негизги проблемалары, үй-бүлөлүк билим берүү мүнөзүн, үйлөнүү үлпөт тоюу, ошондой эле ажырашуу ишин жана алардын терс таасирин чечүүгө мамлекет кийлигише алган.

- үй-бүлө мамилелеринин өзгөрүшү ролдук-статустук аспектилери азыркы үй-бүлөлүк мамилелерге негизги жөнгө салуу болуп саналат. Акыркы жылдары, негизги көрсөткүч болуп саналаган патриархалдык үй-бүлө түрү акырындык менен демократиялык жакка багыт алууда. Жубайлардын ортосундагы укуктук жана экономикалык теңдигинин негизинде негизделген жаңы типтеги үй-бүлө, функциялары негизги жана төмөнкү деп бөлүнбөйт. Жубайлардын ортосунда ички жана тышкы үй-бүлөлүк процесстерге бирдей катышууга укуктук гарантиялары бар.

4. Үй-бүлөлүк жана жаштар саясатынын зарыл жана милдеттүү максаттары өз кезегинде төмөнкү милдеттерди чечүүдө эске алынышы керек: жаштардын аң-сезиминде үй-бүлө жана үй-бүлөлүк баалуулуктардын беделин жогорулатуу, нике жана үй-бүлө институтун турукташтыруу, мындан тышкары бул тармакты укуктук-ченемдик жөнгө салуудагы кемчиликтерди четтетүү;

5. Бүгүнкү чындык гана натыйжалуу башкаруу, ошондой эле никеге жана үй-бүлөлүк жашоого жаш муундун максаттуу окутуу мамлекеттик жана региондук, жергиликтүү денгээлде гендердик өзгөчөлүктү алдын алуу, үй-бүлөлүк жүрүм-турумуду жаштарды эске алуу менен, учурда талап кылынат:

- азыркы учурда, нике жана үй-бүлөлүк жашоосу үчүн жаштарды атайын максаттуу, туруктуу окутуу жүргүзүлгөн эмес;

- көпчүлүк учурларда никеге жана үй-бүлөлүк жашоого жаштардын өкүлчүлүгүн ар кандай табигый коомдук себептерден, коомдук жана үйдө окутуу иш-аракет менен пайда болот, Интернеттен, "көчөнүн" таасири, жалпыга маалымдоо каражаттары, никеге болгон коомдук-психологиялык көз караштар жана үй-бүлөнүн ар дайым оң таасири жок болуп, энелик жана аталык баалуулуктарын, ошондой эле үй-бүлөлүк үлгүлүү адам ар тараптан өнүккөн билим берүү мүмкүн эмес болууда;

6. Үй-бүлө институтунун өзгөрүшүнүн негизги белгилери болуп, төмөндөгүлөр саналат: катталбаган никелешүүлөрдүн көбөйүшү, ажарашуулардын, никеге туруу мотивдеринин санынын көбөйүшү, үй-бүлө функциясын социалдаштыруунун начарлашы жана калктын такай көчүп-конуп жашагандыгынын натыйжасында жубайлардын «дислокалдык» жашоосу.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертация өз алдынча жүргүзүлгөн илимий изилдөө болуп саналат, Кыргызстан жаштарынын үй-бүлө-нике мамилесиндеги ар түрдүү аспектилерди талдоо процессинде чыгарылган жыйынтыктар автор тарабынан аныкталган. Мындан тышкары маалыматты топтоо жана талдоонун социологиялык ыкмалар комплексин колдонуу менен автордук социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Бул изилдөөдө массалык сурамжылоо үчүн эки ыкма пайдаланылды, т.а.:

1. ЖОЖдордогу жаштар үчүн кластердик тандоо;
2. Жумушта иштеген жана жумушсуз жаштар кирген жаштардын бөлүгү үчүн кар томологу ыкмасы.

Негизги максаттагы топ – кластердик тандоого 16 жаштан 28 жашка чейинки Бишкек шаарындагы ар кандай багыттагы ЖОЖдордон тандалып алынган студенттер кирди. Жумушта иштеген жана жумушсуз жаштар кирген экинчи топко Кыргызстандын бардык облустарынан жаштар кар томологу ыкмасы аркылуу тартылды. Тандоону аныктоодо бул ыкманын колдонулушу, биринчи кезекте, тандалып алынган топтун өзгөчөлүгүнөн жана жеткиликтүүлүгүнүн кыйындыгынан улам шартталган.

Жалпы жонунан **1483** респондент катышып, **811** кар томологу ыкмасы аркылуу тандалып алынды, калгандары кластердик тандоо аркылуу алынды. Изденүүчү илимий материалды топтоо иштерин уюштуруп, бардык талаа изилдөөлөрүнө катышты, SPSS-16 прорамма-сынын натыйжасында алынган жыйынтыктарды талдоого алды, келип чыккан натыйжалардын негизинде бир катар талап кылынган иш-чараларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык концепциялары, жыйынтыктары жана корутундулары автор тарабынан республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда сунушталган илимий баяндамаларда берилген. Диссертант К.Карасаев атындагы БГУда өткөрүлгөн илимий-тажрыйбалык конференцияларда «Ааламдашуу доорунда жаштардын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөрүшү» аттуу илимий баяндама менен катышкан. Илимий баяндамалардын катарына «Студент-жаштардын баалуулуктарынын калыптанышына ааламдашуунун таасири» аттуу баяндаманы кошууга болот. Бул баяндама биринчи окумуштуу этнограф-аял Какен Мамбеталиеванын 75 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференцияда сунушталган,

мындан тышкары айрым макалалар «Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысынын» мезгилдүү басылмаларында жарык көргөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн негизги бөлүгү КРдин ЖАКтын тизмесиндеги басылмаларда 14 макала жарык көргөн. Алардын ичинен 4 макала рецензияланган чет элдик басылмаларда жарык көргөн.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**. Диссертациянын түзүлүшү эмгектин максатына жана коюлган изилдөөчүлүк милдеттерге логикалуу жетүүгө ылайыкталган. Диссертация киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, 7 параграфтан, жалпы 180 барактан турат жана таблица менен диаграммаларды камтыйт. Иштин аягында колдонулган адабияттардын тизмеси жана тиркемелер сунушталат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугуна түшүндүрмө берилет, максат, милдеттер аныкталат жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын жаңычылдыгы, изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси, апробация, диссертациянын жыйынтыктарынын жарык көрүүсү, түзүлүшү жана иштин көлөмү тууралуу айтылат.

1-бап **“Үй-бүлө жана нике институтун изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери”** деп аталып, өзүнө эки бөлүмдү камтыйт. Анда нике жана үй-бүлө теориялык маселелерин изилдөөчү илимий адабияттар талдоого алынат, негизги илимий түшүнүктөр жана ага байланыштуу терминдер системалаштырылат. Үй-бүлө-нике мамилелеринин теориялык-методологиялык негиздери аныкталат, негизги теориялык ыкмалар, концепциялар жана үй-бүлө жана никени иликтеген социологиялык парадигмалар талдоого алынат.

**Биринчи баптын биринчи параграфында “Үй-бүлө жана никени изилдөөнүн негизги теориялык ыкмалары”** талданып, анда үй-бүлөнүн келип чыгышы, анын өз алдынча коомдук институт катары калыптанышы каралат.

Үй-бүлөнүн жаралышы биологиялык гана эмес, социомаданий себептерге да байланыштуу. Адамдын табияты (жыныстык инстинкт) эркек менен аялдын жыныстык мамилесин жөнгө салуучу социалдык нормаларды жана талаптарды иштеп чыгууну шарттаган. Ошентип, нике институту пайда болгон.

Эркек менен аялдын тең укуксуздук никеси капитализм доорунда да андан ары өнүккөн. Ф.Энгельс эмгектеринде “эненин укугунун төмөндөшү бүткүл дүйнөлүк аялдардын жеңилиши болгондугун” белгилейт [153, с.58]. Эркек менен аялдын бирге жашоо тарыхы үй-бүлө-нике мамилелерин түрлөрү боюнча бөлүштүрүүгө шарт түзөт. Социолог-окумуштуулар 2 чоң категорияга бөлүшөт: моногамия жана полигамия.

Үй-бүлө-нике фомаларынын эволюциялык идеясы америкалык окумуштуу Л.Г.Моргандын эмгектеринде толук жана кенен талдоого алынган. Никенин өзгөрүү этаптарын биринчи жолу иликтөө аракеттери 1868-жылы жасалган. Фамилистика маселесинде Моргандын “Системы родства и свойства человеческой семьи” (1877) жана “Древнее общество” аттуу эмгектери олуттуу салым кошкон. Автор уруу менен үй-бүлөнүн чегин так ажыратып берген. Муну алгачкы коомдогу уруунун экзогаммалык табияты менен түшүндүрүп, ошондуктан үй-бүлөлөрдүн биригиши мүмкүн эмес деп далилдеген. Мындан тышкары Морган моногамия менен жубайлардын уруулук коомдо оңой эле өзгөрүүгө учуроочу айрымасын так көрсөткөн. Үй-бүлөлүк түгөйлөрдүн туруксуздугун окумуштуу, биринчи кезекте, жеке менчиктин, жалпы чарбанын жана мураскерчиликтин жоктугу менен түшүндүргөн.

Э. Дюркгейм «контракция» деп аталган же үй-бүлөнү тарыхый кысуу мыйзамын сунуштаган. Бул процессте жалпы тууган-туушкандар акырындап «үй-бүлөлүк жуптарга» чейин кыскарат. Бирок, кийинки социологиялык иликтөөлөр бул теория бардык этнос менен цивилизациялар үчүн жараксыз экендигин көрсөттү. Контракция үй-бүлөлүк мамилелердин эволюциялык тенденциясы катары Ф.Дюркгеймге чейин эле Энгельс тарабынан аныкталган.

Орус социологиясынын тарыхында П.Сорокин белгилүү из калтырды. Анын эмгектери негизинен «заманбап үй-бүлө» кызыкчылыктарына арналган. Окумуштуу өткөндүн «үй-бүлөлүк эгоизмин» альтруизмдин же аң-сезимдүүлүктүн пайда болушунун «тормозу» катары талдаган.

Советтик социологиялык илимге А.Г.Харчев олуттуу салым кошкон. Анын «Брак и семья в СССР» аттуу классикалык эмгегинде кеңири тарыхый, философиялык жана жеке социологиялык материалдар колдонулган. Бараандуу эмгек үй-бүлөнүн келип чыгышы, инсандардын үй-бүлөлүк мамилелери жана социологиялык илимдеги үй-бүлө институтунун орду тууралуу маселелерди камтыйт. А.Г.Харчев мындан тышкары үй-бүлөнүн туруксуздугу (ажырашуулар, араккечтик, үй-бүлөлүк жана кесипкөйлүк ролдорду айкалыштыра албоо) сыяктуу көйгөйлөрдү да козгогон [141].

Биринчи баптын экинчи параграфы «**Үй-бүлө жана нике маңызы, функциялары жана классификациясы**» деп аталып, анда үй-бүлө жана анын курамынын классификациясынын негизги критерийлери, өз кезегинде социолог, психолог, экономист жана антропологдор тарабынан классификацияланууччу жашаган жери жана мурастын түрлөрү каралат.

Социологиялык изилдөөлөр үй-бүлөлөрдү эки тип боюнча классификациялайт: ата-энелик, (келип чыгуу үй-бүлөсү) жана прокреациялык (ата-энесинен бөлөк жашаган балдар тарабынан түзүлгөн үй-бүлө).

Үй-бүлөнү түзгөн муундардын санына жараша да бөлүштүрүүлөрдүн түрү кездешет. Социологдор кеңейтилген типтеги үй-бүлө (үч жана андан ашык муун) жана нуклеардык (эки муун) үй-бүлө деп бөлүшөт. Ата-эненин санынын критерийи толук (атасы да, энеси да) жана толук эмес (ата-эненин бири) үй-бүлөнү бөлүп кароого жардам берет. Заманбап социологияда балдардын санына жараша да үй-бүлөнү классификациялап келишет: баласыз, бир балалуу жана көп балалуу (үч жана андан ашык). Үй-бүлөнүн матриархалдык жана патриархалдык негизи коомдун өнүгүү этаптарына жана жубайлардын биринин экономикалык: матриархатта – аялдын, патриархатта – эркектин үстөмдүүлүгүнө жараша болот.

**Нике институту.** Коомдун тибине жана үй-бүлөнүн тарыхый этабына карабастан, үй-бүлө социум тарабынан кабыл алынган, белгилүү бир түзүлүшкө жана убакытка ээ болгон эки же андан ашык адамдардын жыныстык бирикмеси. Никелешүү, эреже катары, атайын шаан-шөкөт, б.а. инаугурация менен коштолот. Инаугурациянын композициясы белгилүү коомдун каада-салттарына көз каранды болот. Ал формалдуу жана бейформал кырдаалда жүрүшү мүмкүн. Никелешкен үй-бүлөдө төрөлгөн балдар мыйзамдуу төрөлгөн балдар деп саналышкан. Социум урпагына тарбия берүүдөгү, коргоодогу, кам көрүүдөгү ата-эненин кызматын кылдат бөлүштүрүп койгон. Никесиз төрөлгөн баланы “арам” деп санашкан.

Нике мамилеси юридикалык жана маданий нормалар менен макулдашылат. Биринчи кезекте мүлккө ээлик кылуу, түгөйлөрдүн ортосундагы бири-бирине, балдарына болгон материалдык жоопкерчилиги, никеге тургандардын жаш курагы эске алынат. Мындан тышкары никени бузуу (ажырашуу) эрежелери, мурастоо укугу, түгөйлөр ажырашып кеткенден кийин балдарды багуу жана тарбиялоо маселелери да юридикалык жактан каралган.

Эгер юридикалык нормалар белгилүү бир өлкөнүн мыйзамдарында бекитиле турган болсо, маданий нормалар шарттуу түрдө каралат, б.а. мораль, каада-салт, ырым-жырымдардын жардамы менен көзөмөлгө алынат. Алар нике тандоо, бири-бирине кам көрүү эрежелери, никеге чейинки мамиле, мындан тышкары жубайлар ажырашкандан кийинки нормалар менен байланыштуу.

Никенин көп түрдүүлүгү ар түрдүү критерийлер боюнча классификациялоого шарт түзөт. Алардын арасында: эсеп-кысап менен үйлөнүү, сүйүүгө негизделген нике, келишим менен никелешүү жана ортомчулардын сунуштары менен үйлөнүү ж.б.

Экинчи бап **“Кыргызстандык жаштардын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөрүү тенденциясы”** деп аталып, 3 параграфтан турат. Анда автор тарабынан Кыргызстандагы үй-бүлө жана нике институтунун өнүгүү динамикасы каралат жана кыргыздардын революциялык мезгилге чейинки, совет мезгилиндеги жана совет мезгилинен кийинки учурдагы

үй-бүлө-нике мамилелери дыкат иликтөөгө алынган. Мындан тышкары аталган бапта КРдин Жаш муундарды өнүктүрүү боюнча улуттук прграммаларына ылайыкташтырылган Кыргыз Республикасындагы жаштар жана үй-бүлө саясатындагы укуктук-ченемдик актылардын кемчиликтери жана артыкчылыктары талданат. Андан ары бул коомдук категория эркек менен аялдын реалдуу жашоодогу жүрүм-турумун жана окуяларды гана эмес, биз аңдап-түшүнүп жана аны менен социалдашкан ой жүгүртүү багытын да шарттаган гендерлик мамилеге негизделген үй-бүлө-нике мамилелери талдоого алынат.

Ал эми экинчи баптын **“Кыргызстандагы үй-бүлө жана нике институтунун өнүгүү эволюциясы”** деп аталган биринчи параграфында кыргыздардын совет мезгилине чейинки үй-бүлө-нике мамилелери каралат. Илимий адабияттарда орто кылымдардагы кыргыздар жанаша жашаган мамлекеттер тууралуу маалыматтар аз эмес. Мындай маалыматтар социологиялык аспектиден улам чоң кызыгууну жаратты. Мисалы, Л.Н.Гумилев байыркы түрктөргө айыл чарбачылыгы жана жупташкан үй-бүлө мүнөздүү деп жазат, муну XIX кылымдагы казак үй-бүлөлөрү менен окшоштурууга болот. Ал андан тышкары “полигамиянын патриархалдык потенциалын” да белгилеген [44]. С.М.Ахинжанов орто кылымдарда кыпчактарда «биосоциалдык каада-салттары менен» нуклеардык үй-бүлө басымдуулук кыларын белгилеген [16].

А.Н. Бернштам башкачараак көз карашын билдирген. Анын оюу боюнча, байыркы түрктөрдө, уйгур жана кыргыздарда да чарбалык бир бүтүндүктү түзгөн жана чоң үй-бүлөдөн кичи үй-бүлөнүн бөлүнүп чыгуусу менен айрымаланган патриархалдык үй-бүлөлөр болгон.

Бирок, белгилүү этнограф жана түркolog С.М. Абрамзон бул теорияны жокко чыгарган. Анын пикиринде б.э. I миң жылдыгынын ортолорунда чоң үй-бүлөлүк община үстөмдүк кылган эскичиликтен чакан үй-бүлөнү бекемдөөчү жаңы түзүлүшкө өтө баштаган.

Революцияга чейинки мезгилде кыргыздарда никелешүү бир нече этаптан турган. Алардын бири – кудалашуу. Жашы жете элек балдарды же али төрөлө элек балдарды деле кудалап коюу салты кеңири тараган. Кудалашуунун мындай түрү – “бешик куда” деп аталып, бардар үй-бүлөлөргө мүнөздүү болгон. Кыргыздарда никени бузуу – ажырашуу эркектин гана демилгеси менен жүргөн. Эркектер аялдардын сабатсыздыгы, рухий жакырдыгы жана үй-бүлө-нике мамилелерин бекем көзөмөлдөө кыргыз үй-бүлөлөрүндөгү деспотизмдин булагы болгон.

Жаңы орногон алгачкы жылдарда Совет бийлигинин иш-аракети көп аял алуу, колуктуга калың төлөө салтын жоюу жана никеге туруунун жаш курактык деңгээлин жогорулатууга багытталган. Кыргыз аялдарынын укуктук маселелери түп-тамырынан бери өзгөрүүлөргө учурады жана булар кийин Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилди.

Орто Азия аялдарын боштондукка чыгарууга арналган айыл аймактарында съезддер, конференциялар, лекциялар жана кеңешмелер өткөрүлүп жатты. Калк арасында жүргүзүлгөн мындай иш-чаралар сабаттулукка, коомдук процесстерге жана жаңы маданиятка болгон кызыгууну арттырган. Массалык сабатсыздыкта бул нерсе өлкөнүн өнүгүшү үчүн маанилүү жана келечектүү иш эле.

1990-жылдар Советтер Союзунун курашы менен белгилүү болду. Бул тарыхый окуя коомдук ишмердүүлүктүн бардык тармагына таасирин тийгизген. Бардык социалдык институттар жана түзүлүштөр үчүн өткөөл мезгил болуп саналган постсоветтик мезгил үй-бүлө-никелик тармакты өтө чоң өзгөрүүлөргө дуушар кылган. Заманбап коомдун кризиси адамдар ортосундагы мамилелерге да өз изин салган.

Өлкөбүздөгү демографиялык кырдаалды эмгек миграциясы да оорлоштурат, себеби бүгүнкү күндө жубайлардын узак убакытка чейин ар кайсы жакта бөлөк жашоосу нормага айланып бара жатат. Мындай шартта аларды ажырашып кеткен деп айта албайбыз, ошол эле учурда кадимки үй-бүлө деп да эсептөөгө болбойт. Ошентип, социологдор тарабынан эмгек миграциясынын таасиринен улам жаралган “дислокалдык” жана “дистанттык” деп аталган жаңы типтеги үй-бүлөлөр аныкталууда.

Экинчи баптын **«Кыргыз Республикасынын жаштар жана үй-бүлө саясатынын укуктук-ченемдик негиздери»** аттуу экинчи параграфында республиканын жаштар жана үй-бүлөлүк саясаты, аларды жакшыртуу жана ишке ашыруу жолдору каралат.

Көз карандысыз Кыргызстандын тарыхы өлкө укуктук-ченемдик алкактарды аныктап жана жаш муунду өнүктүрүү боюнча “Жаштык” жана “Кыргызстан жаштары” деген эки улуттук программаны ишке ашыруу менен саясий өңүттөн караганда жаштар маселеси теориялык жактан алдыга жылганын көрсөтөт. Экинчи долбоор биринчинин негизинде иштелип чыгып, 2006-2008-жылдары ишке ашырылган.

КРдин Үй-бүлө кодексинин 14-беренесинде нике туруу мезгили – 18 жаш деп так көрсөтүлгөн. Эгер белгиленген чектеги жаштардын негиздүү себептери болсо, бул адамдар жашаган аймактагы жергиликтүү башкаруунун аткаруу органдары эркектер үчүн да, аялдар үчүн да бул чекти 1 жашка төмөндөтүп кое алат. Мында үй-бүлө куруудагы негизги фактор – жаштардын өз эрки менен макулдугу болуп саналат. Бирок, мунун баары теорияда гана жашайт. Практикада мыйзамдуу түрдө “негиздүү себептер” жазылган эмес, андыктан коом кош бойлуулук же наристенин төрөлүшү деп, өзү тактап алган.

Эрте турмуш куруу боюнча бир катар чектөөлөр жана жоболор иштелип чыгарылган, алар бузулган мезгилде жоопко тартылат. Мисалы, КРдин Кылмыш жаза кодексинин 132-беренесине ылайык, 16 жашка чейинкилер менен жыныстык катнашта болуу же ушул сыяктуу иш-

аракеттер үчүн эркинен ажыратылат. Эркинен ажыратуунун мөөнөтү (3 жылга чейин) иштин мүнөзүнөн көз каранды.

17-18 жаштагылардын, ошондой эле 16 жашка чейинкилердин үй-бүлө куруулары көпчүлүк учурларда расмий каттоодон өтпөгөндүктөн, эрте үйлөнгөндөрдүн динамикасын тактоо мүмкүн эмес.

Кыргызстанда ажыраштыруу процедурасы да жетишерлик жөнөкөй экендигин белгилей кетүү зарыл. Кыска убакыттын ичинде жубайлардын биринин эле каалоосунун негизинде оңой эле ажырашып алууга болот. Эгер жубайлардын жашы жете элек балдары болбосо, бирге топтогон мүлктүк нааразычылыктары жана башка жолтоо болчу факторлор болбосо, түгөйлөрдүн экөөнүн тең макулдугу болсо, нике ЗАГС тарабынан бузулат. Бул процедураны ишке ашыруу үчүн жубайлардан паспорттору, жарандык абалы тууралуу маалыматтар жана тийиштүү арыз талап кылынат. Керектүү компоненттер болгон учурда тоскоолдуксуз ажыраштырылат.

Экинчи баптын үчүнчү параграфы **"Үй-бүлө-нике жаатындагы гендерлик ролдор жана стереотиптер"** деп аталып, анда гендерлик мамилеге негизделген үй-бүлөдөгү ролдук-макамдык аспектилердин өзгөрүшү талданат.

XX кылымдын акыркы үчүнчү бөлүгү жана XXI кылымдын башы жыныстар ортосундагы тең укуктуулукка негизделген, жаңы, коомдук мамилелердин калыптанышы менен белгилүү болду. Бул тенденция бардык өлкөлөрдө байкалган жана үй-бүлөлүк жана нике системасындагы башкача мүнөздөгү кырдаалдардын жаралышын шарттаган. Бул кубулуш коом үчүн чындыгында эле өтө маанилүү болгон, анткени үй-бүлөлүк парадигмаларда олуттуу өзгөрүүлөр жүргөн. Өзгөрүүлөрдүн чордонунда үй-бүлө жана нике институттарынын түзүүчү элементтери болуп эсептелген түгөйлөрдүн ролдорунун, макамдарынын, позицияларынын аламашуусу турган. Мындай өзгөрүүлөр көлөмдүү аймактарда жүргөн жана Кыргызстандын үй-бүлө-нике тармагы да четте калган эмес.

Гендерлик мамилеге негизделген үй-бүлөлүк мамилелерди талдоо коомдук категория эркек менен аялдын реалдуу жашоодогу жүрүм-турумун жана окуяларын эле эмес, биз социалдашкан жана өздөштүрүп жаткан ой жүгүртүүнү да шарттай тургандыгын далилдеди. Гендер кеңири маанисинде эки жыныстын өкүлдөрүнүн ортосундагы коомдук мамилелерди уюштуруу модели катары берилет, алардын инсан арылык мамилелерин, баарлашууларын мүнөздөйт жана алардын негизги коомдук институттардагы мамилелеринин түрүн аныктайт.

Эгер мурун үй-бүлө институтунда күйөө-ата негизги фигура, лидер, үй-бүлөнүн багуучусу, коомдук макамды алып жүрүүчү болуп, ал эми аял – очоктун ээси, кожойке жана балдарды тарбиялоочу болгон үй-бүлөнүн бирдиктүү үлгүсү бар болгон болсо, азыр үй-бүлөлүк парадигма бир аз башкачараак. Аялдын эмансипациясынан жана өндүрүшкө көбүрөөк

тартыла баштаганынан бери, билиминин жогорулаганынан жана эркек менен аялдын теңдик принцибинин жайылышынан улам эркек менен аял бирдей айлык маяна таба баштады жана чечимдерди кабыл алууга жана коомдук макамга бирдей укуктуу болуп калды.

Гендерлик стереотиптерге карабастан, үй-бүлө форматындагы эркек менен аялдар мамилеси көпчүлүк учурларда коомдун экономикалык түзүлүшү менен шартталат. Матриархат менен патриархат ар түрдүү экономикалык платформаларда калыптанган. Бирок, эки учурда тең үй-бүлө түзүлүшү авторитардык мүнөзгө ээ болгон. Жыныстардын биринин үстөмдүгү үй-бүлөлүк жашоого да сиңген.

Эмгек миграциясы – эркектердин прерогативасы деп эсептелген стереотип заманбап коомдо түп-тамырынан бери өзгөрдү. «Мигрант айым» түшүнүгү учурда негиздүү бекиди. Мындан тышкары балдардан жана алардын жанында болуп тарбиялоо ишинен эркинен тыш ажыратуу мигрант айымдарда энелик конструкцияны да өзгөртүүдө, б.а. алар аялдын да, эркектин да үй-бүлөдөгү милдеттерин (балдарды тарбиялоо жана аларды материалдык жактан камсыздоо) мойнуна алууда.

**«Заманбап Кыргызстандагы жаштардын үй-бүлө-нике мамилелериндеги өзгөрүүлөрдү социологиялык талдоо»** аттуу үчүнчү бапта автор тарабынан республиканын бардык облустарында, анын ичинде Бишкек шаарында жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары берилди.

Аталган баптын **«Бүгүнкү күндөгү жаштардын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөчөлүктөрү»** деп аталган биринчи параграфында изилдөөлөдүн жыйынтыктарына кайрылып жатып, респонденттерге берилген «жашоодогу эң баалуу нерсе эмне?» деген биринчи суроо боюнча жыйынтыктарды талдаса болот. Жаштардын көпчүлүк бөлүгү үчүн (74%) үчүн жашоосундагы эң баалуу нерсе – үй-бүлө деп жыйынтыктаса болот. Респонденттердин бештен бир бөлүгү (22,4%) үчүн үй-бүлө ден соолуктай эле баалуу нерсе. Жаштардын азыраак бөлүгү (1,6%) гана үй-бүлөгө караганда, жумушун, карьерасын, айрымдары үй-бүлө кызыкчылыгынан жеке кызыкчылыктарын жогору коюшкан, бирок аз болсо да жаштардын арасында ушундай баалуулуктарды өйдө койгон адамдар бар экендигин белгилей кетүү зарыл. Мындан тышкары 1 пайызга жетпеген адамдар тобу үй-бүлөнүн эч кандай баалуулугу жок деп жооп беришкен.

Азаркы жашоо арымы, анын кыймылы, прагмативдүүлүгү жана ыңгайлуулукка умтулуусу көпчүлүк адамдардын жашоо-турмушуна айрым бир өзгөрүүлөрдү, анын ичинде жарандык нике сымал жаңылыктарды киргизди. Эркек менен аялдын ортосундагы мындай мамиле тээ байыркы эле мезгилдерде уяткаруунун себеби болсо, азыр бирге түтүн булатуунун эң прагматикалык ыкмасы катары кабылданат.

Респонденттерге жарандык никеге байланыштуу суроо берилген. Алынган жооптордон улам көпчүлүк респонденттер үчүн жарандык нике ЗАГСтын расмий каттоосунан өткөн нике сыяктуу эле баалуу экен деген жыйынтык чыгарууга болот. Б.а. аталган сурамжылоого катышкан жаштардын жарымысы (41,8%) жарандык никени расмий никедей эле кабылдарын, болгону паспорттогу гана белгинин жоктугу менен айрымаланарын айтышкан. Т.а. көпчүлүк үчүн паспорттогу штамптын болушу үй-бүлө куруу үчүн өтө маанилүү деле эместигин далилдейт (Диаграмма 3.1).

**Диаграмма 3.1.**




**“Кыргыз жаштарынын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөрүшү”** аттуу үчүнчү баптын экинчи параграфында социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянып, азыркы жаштардын кеңири таралган, артыкчылык берген багыттары тууралуу жыйынтыктар чыгарылды.

Демек, жаштардын жарымысынан көбүрөөгү (54,5%) никеге чейинки жыныстык катнаштарга жол бербейт. Бирок, респонденттердин үчтөн бири (12,3%) никеге чейин эле жыныстык катнашка уруксат берсе болорун, бирок ал туура эместигин айтышкан.

Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү эркектер үчүн да, аялдар үчүн да үй-бүлө курууга ылайыктуу курак деп 20-25 жашты эсептешерин билдиришкен. Т.а. аялдар үчүн эркектерге салыштырмалуу төмөнүрөөк, мисалы айымдар 21 жашында турмушка чыгып, эркектер 24 жашында үйлөнүүлөрү зарыл.

Респонденттердин көпчүлүгү (71,5%) үчүн үй-бүлө куруудагы негизги кеңешчилери ата-энелери экендигин айтышкан. Алардын оюу боюнча, ата-энелер эч качан жамандык каалашпайт. Ал эми жаштардын (18%) бул маселеде эч кимге көз каранды болбой, жеке өзү чечерин билдиришкен. Ага-эжелери, достору, курбулары алар кеңеш сурап кайралуучу адамдардан эмес. Бул маселеде өз теңтуш, курбалдаштарыңа

караганда, турмуштук тажрыйбасы мол адамдардын пикири маанилүүрөөк.

Суроо-жоопко катышкандардын көпчүлүгү үчүн үй-бүлө куруунун негизи – сүйүү экендигин баса белгилешкен. Бул көрсөткүч (77%) респондент үчүн актуалдуу. Алардын үчтөн экиси (60%) үчүн үйлөнүүнүн негизги мотиви – эсеп-чот, ал эми (22%) бул мотивди “көп жана дайыма” деп белгилешкен. Б.а. сүйүү менен эсептешүү дайыма катар жүрөт.

Андан тышкары “бойго бүтүп калуу” же “зарылдыктан улам үйлөнүү” деген түшүнүк бар. Кээде бул мотив үйлөнүүгө негиз болот деп респонденттердин жарымына жакыны (48%) эсептейт, ал эми жаштардын бештен бир бөлүгү так ушул себеп көп кездешет жана туруктуу мүнөзгө ээ деп ойлошот.

Жаштардын жарымы (48,4%) үчүн бойго бүтүрбөөчү каражаттар жана жыныстык тарбиялоо тууралуу маалыматтын негизги булагы болуп интернет саналары таң калыштуу деле көрүнүш эмес. Кеңири белгилүүлүк жагынан кийинки орунда телеберүүлөр, гезит, журналдар (35%) турат. Респонденттердин төрттөн бири досторунан жана тааныштарынан маалымат алышат. Ал эми окуу жайлар мындай мүмкүнчүлүккө ээ эмес, анткени аларды маалымат булагы катары (6,3%) гана респонденттер атаган (Диаграмма 3.2).

Респонденттердин көпчүлүк бөлүгү үй-бүлөдө эркек каражат табуусу керек деп эсептейт (57%). Жубайлардын экөөсүнүн тең иштеп, айлык табуусуна каршы болбогондор (60,6%) ды түзгөн, бул жогоруда сөз болгон үй-бүлөдөгү түгөйлөрдүн биринин үстөмдүк кылуусунан айрымаланат. Б.а. ким көп акча тапса, ал үйдөгү кожоюн деген эреже респонденттердин жообуна караганда турмуш чындыгына туура келбейт (Диаграмма 3.3).

## Диаграмма 3.2.



## Диаграмма 3.3.

**Үй-бүлөө башчысы ким болушу керек? (%/n) (N=1483)**




Демек, респонденттер алынган жооптордун жыйынтыгы боюнча, жынысына, жаш курагына, улутуна карабастан, эркек үй-бүлөдө башчы болуп келген. Үйдөгү каражат табуу маселесине келсек, мында жоопкерчиликти тең экиге бөлүп алуу, б.а. аялдарга тийиштүү үлүш берилген. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (61%) жубайлардын экөөсү тең иштеп акча табуулары керек деп эсептешет.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Кыргызстандагы жаштардын үй-бүлө-нике мамилелериндеги өзгөрүүлөргө жүргүзүлгөн теориялык-социологиялык жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1. Үй-бүлө-нике мамилелеринин негизги социологиялык концепция жана теорияларын талдоо үй-бүлөнүн пайда болушу биологиялык гана эмес, социомаданий себептерден улам келип чыккандыгын аныктады. Адамдын табияты эркек менен аялдын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу коомдук нормаларды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууну шарттаган.

2. Кыргызстанда болуп жаткан миграциялык процесстердин натыйжасында кыргыз үй-бүлө институтун функциялары өзгөрүүгө дуушар болууда, алар: репродуктивдик, экзистенционалдык, социалдаштыруу, чарба-тиричилик, коммуникативдик жана сексуалдык.

3. Талданган кыргыз үй-бүлөсү өзүнөн эволюциялык этаптарында жыныстар ортосундагы гендердик спецификалык өзгөрүүнү көрсөтөт, азыркы үй-бүлөлүк жашоого мамлекеттин катышуусунун тикелей таасири, коомчулук тарабынан коомдук пикирдин көзөмөлгө алынбайт жаткандыгы байкалат.

4. Коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында өсүп келе жаткан муунду нике мамилесиндеги гармонияга жетүүсүн шарттоочу үй-бүлөлүк жашоого тийиштүү деңгээлде даярдоо жүргүзүлбөйт. Биздин коом дени

сак, жан дүйнөсү бай, бекем үй-бүлөнү түзүүгө кызыкдар болушу керек. Өзгөчө мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин, коомдук уюмдардын үй-бүлөнү бекемдөө жана алардын материалдык, турак-жайлык, турмуштук шарттарын жакшыртуу максатында тийиштүү деңгээлдеги үй-бүлөлүк жашоону жана анын тарбиялык иш-чараларын ишке ашыруу аракеттери өтө маанилүү.

Заманбап Кыргызстанда үй-бүлө жана нике мамилелери натыйжалуу коомдук-экономикалык жана социалдык өнүгүшүнө аныкталган укуктук механизмдерин жана маданий байланыштарын, моралдык-адеп-ахлактык баалуулуктарды, каада-салттарды, иштелип чыккан болсо, анда коомдук жөнгө салынышы мүмкүн.

5. Маданияттын салттуу баалуулуктарын кайра калыбына келтирүү үчүн үй-бүлө культун жашоо нормасына айлантуу зарыл. Бул үчүн, сөзсүз түрдө, улуттук иденттүүлүктү сактап калуу максатында коомдук баалуулуктар корундагы улуттук баалуулуктардын ордун тактоодо бийликтин расмий органдарынын колдоосу зарыл.

6. Жаштардын көпчүлүгүндөгү баалуулук багыттарынын калыптанышы белгилүү өлчөмдө массалык маалымат каражаттарынын жана интернеттин эсебинен жүрөт, бул мындай маалыматты алуучу башка булактардын жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. Заманбап коомдук-экономикалык жана маданий-рухий шарттар азыркы жаштардын үй-бүлө жана никени баалап-урматтоосун калыптандырат.

## СУНУШТАР

Өлкөнүн туруктуу коомдук-экономикалык жана демографиялык өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында, үй-бүлөлүк саясатты андан ары өркүндөтүү ишинин бир катар ишке ашырууну талап кылат.

1. Азыркы жаштар саясатынан тышкары, жаштар үй-бүлөсүнүн саясатын иштеп чыгуудаконкреттүү максаттарга жана милдеттерге ээ узак мөөнөттүү стратегиясын жана программасын ишке ашыруунун өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү

2. Жаштар жана эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрдүн арасында колдонула турган конкреттүү, максаттуу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

3. Үй-бүлөлүк саясат чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун күчөтүү, жергиликтүү коомчулук менен бирге иштеп, түзүлүшү жана жаштар үчүн зарыл болгон жана кызыкдар болгон баштапкы маалыматтарды берүүгө көмөк көрсөтүү;

4. "Кыргызстан жана маалымат жаштары" атту максаттуу программа иштеп чыгуу жана жаштар арасында массалык маалымат каражаттарынын, жарандык жана атуулдук, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу жана көбөйтүү менен байланышкан суроолорду пропагандалоо; Салттуу үй-бүлөлүк

баалуулуктар жана үй-бүлөлүк жашоонун жылдырууга өбөлгө болгон маалымдоо каражаттарында социалдык роликтерди түзүү.

5. Аймактык жана жергиликтүү телеканалдар лидерлери ортосунда Басма сөз жана интернет, радио жана кино, жаш үй-бүлөлөргө карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында студиядан (үй-бүлөлүк жаштар долбоорлор аркылуу) өз ара аракеттенүү системасын түзүү зарыл.

## ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ
### диссертациянын темасы боюнча:


1. Усубалиева, А.А.Тенденции политической ориентации студенческой молодежи: социологический анализ [Текст] /Ж.Э. Асангулова, А.А. Усубалиева// Сборник научных докладов. Мартовская революция в Кыргызстане: Шаг вперед или...Бишкек,2005. Стр. 137-143.
2. Усубалиева, А.А. Ценностные ориентации студенческой молодежи в современных условиях [Текст] / А.А. Усубалиева// Вестник КНУ им. Ж.Баласагына Серия 1, вып. 4. Бишкек, 2011 Стр. 325-329.
3. Усубалиева, А.А. Морально- нравственные ценности студенческой молодежи [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына Серия 5, вып. 2.Бишкек, 2012 Стр.179-184.
4. Усубалиева, А.А. Влияние глобализации на формирование ценностных ориентаций студенческой молодежи [Текст] / А.А. Усубалиева // Материалы международной научной конференции. Проблемы полиэтнического общества в Центральной Азии: вызовы и возможные решения. Бишкек, 2013. Стр. 303-312.
5. Усубалиева, А.А. Изменение семейно- брачных отношений молодежи в условиях глобализации [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник БГУ имени К.Карасаева вып. №3(26). Бишкек, 2013. Стр. 126-128.
6. Усубалиева, А.А. Трансформация семейных ценностей молодежи в современных условиях [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына Серия 5, вып. 1. Бишкек, 2013 Стр.234-239.
7. Усубалиева, А.А. Ценностные ориентации молодежи в сфере семейно- брачных отношений [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына Серия 5, вып. 2. Бишкек, 2014 Стр.242-248.
8. Усубалиева, А.А. Социальные проблемы семейно-брачных отношений молодежи Кыргызстана [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына Серия 5, вып.4. Бишкек, 2014. стр.251-257.
9. Усубалиева, А.А. Развод как социальный феномен в современном Кыргызстане [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына вып. 1, Бишкек, 2015. Стр.398- 404.
10. Усубалиева, А.А. Влияние трудовой миграции на семейно-брачные отношения молодежи Кыргызстана [Текст] / А.А. Усубалиева // Вестник БГУ имени К.Карасаева вып. №3-4 (33-34). Бишкек, 2015. Стр. 22-24.

11. Усубалиева, А.А. Семья и брак глазами студенческой молодежи [Текст] / К.Б. Бектурганов, А.А. Усубалиева // Вестник Казахский национальный педагогический университет имени Абая. Серия социологические и политологические науки, вып. №2(50). Алматы, 2015. Стр. 158-162.

12. Усубалиева, А.А. Социологический анализ семейно- брачных отношений молодежи в современном Кыргызстане [Текст] / А.А. Усубалиева // Материалы международной заочной науч.практ.конф. Научная дискуссия: ВОПРОСЫ СОЦИОЛОГИИ, ПОЛИТОЛОГИИ, ФИЛОСОФИИ, ИСТОРИИ, №9-10(38). Интернаука –Москва. - 2015, стр. 17-24.

13. Усубалиева, А.А. Трансформация семейно- брачных отношений Кыргызстанской молодежи [Текст] / А.А. Усубалиева // Научный журнал В мире научных открытий. № 11,6 (71). Красноярск, 2015. Стр. 2333-2343.

14. Усубалиева, А.А. Семейно- брачные отношения студенческой молодежи города Бишкек [Текст] / А.А. Усубалиева // Журнал Современные исследования социальных проблем. № 3 (23) Красноярск, 2015. Стр. 121-131.

**Усубалиева Айнура Аюдыжапаровнанын "Кыргызстан жаштарынын үй-бүлөлүк-нике мамилелеринин өзгөрүшү" темасында 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

Негизги сөздөр: нике, никелик келишим, жарандык нике, гендердик ролдор жана стереотиптер, жаштар, расмий нике, үй-бүлөдөгү ролдор, ажырашуу, үй-бүлө.

**Изилдөөнүн объектиси болуп** - коомдо өзүнчө социалдык-демографиялык топ болуп каралган азыркы 16 жаштан 28 жашка чейинки курактагы жаштар эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети болуп** мында негизги маселе жаш муундардын үй-бүлө жана никеге болгон көз карашынын туура калыптанышын, калктын бул бөлүгүнүн үй-бүлөлүк жана никелик көз караштарынын өзгөрүүлөрүнүн себептерин изилдөө болуп саналат.

**Диссертациялык иштин максаты** – кыргыз жаштарынын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөрүшүн аныктоо.

**Диссертациянын методологиялык негизи** – диссертациянын методологиялык жана теорялык-усулдук негизи болуп комплекстүү дисциплинардык ыкма саналып, ошонун негизинде төмөнкүдөй жалпы социологиялык методикалык принциптер келип чыкты: изилдөөнүн сандык ыкмасы болгон анкеталык сурамжылоо жана тереңдетилген интервью.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** – биринчиден болуп жаштар социалдык-демографиялык топ болуп саналып, социологиялык жана фамилисттик көз караштардан каралып жатат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде азыркы жаштардын үй-бүлө-нике мамилелеринин өзгөрүү себептери анализделип, жаштарды никеге, үй-бүлө курууга даярдоо керек экендиги аныкталды.

**Колдонуу орду:** изилдөөлөрдөн алынган маалыматтар педагогдордун окутуу усулдарында, программаларында кеңири колдонулат.

Диссертациялык изилдөөдөгү алынган маалыматтар ЖОЖдорго семинар, лекция сабактарында, көбүнчө "Үй-бүлөлүк социология", "Заманбап жаштардын социологиясы", "Үй-бүлөгө киришүү" курстарында кеңири колдонулат. Ошондой эле бул маалыматар КРдагы жаштар саясатын жана жаштардын программасын иштеп чыгууга шарт түзөт.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Усубалиевой Айнуры Абдыжапаровны на тему: “Трансформация семейно-брачных отношений молодежи Кыргызстана” на соискание ученой степени кандидата социологических наук по специальности 22.00.04 – социальная структура, социальные институты и процессы**


**Ключевые слова**: брак, брачный договор, гражданский брак, гендерные роли и стереотипы, молодежь, официальный брак, роли в семье, развод, семья.

**Объектом исследования** выступает современная молодежь Кыргызской Республики возрастного диапазона от 16 до 28 лет, рассматривающаяся обществом в качестве отдельной социально-демографической группы.

**Предметом** исследования обозначено изучение воззрений молодого поколения относительно семьи и брака, причин, которые вызывают изменения в семейно-брачной сфере данной части населения.

**Целью данного исследования**является изучение процесса изменения семейно-брачных отношений среди кыргызстанской молодежи.

**Методологическая основа диссертации**–методологической и теоретико- методологичекой основой диссертации является комплексный междисциплинарный подход; в основу исследования были положены следующие общеметодологические принципы социологического анализа: фундаментальные теоретические положения и идеи классиков мировой социологической мысли, а также количественныйметод исследования как анкетный опроси метод глубинного интервьюирования.

**Научная новизна исследования**: впервые молодежь рассматривается в качестве отдельной социально-демографической группы и через призму объекта социологической рефлексии в фамилистическом аспекте. В результате проведенных исследований и изучения различных теоретических концепций были выявлены и проанализированы причины активных трансформаций семейно-брачных отношений молодого поколения.

**Область применения:** данные, полученные в ходе исследования, в перспективе могут использоваться педагогами в разработке специальных программ и учебных пособий, в подготовке молодого поколения к браку с расчетом на гендерную принадлежность и возрастные особенности обучающихся, а также специфику образовательного учреждения.

Определенные положения диссертационного исследования приемлемы для формирования новых дисциплин и чтения лекций, проведения семинаров в ВУЗах по следующим спецкурсам: «Социология семьи», «Социология современной молодежи», «Семьеведение» и т.д.

**SUMMARY**

**dissertation of Usubaliyeva Aynura Abdyzhaparovna on the theme: "Transformation of family and marriage relations of Kyrgyzstan's youth" for the degree of a candidate of sociological sciences by the specialty 22.00.04 - Social Structure, Social Institutions and Processes**

**Key words:** marriage, marriage contract, civil marriage, gender roles and stereotypes, youth, formal marriage, roles within the family, divorce, family.

**The object** of the research is the modern youth of the Kyrgyz Republic of the age range from 16 to 28 years regarded by the society as a distinct socio-demographic group.

**The subject** of the research is the study of the young generation's views on family and marriage issues, the reasons caused changes in the sphere of family and marriage sphere of this part of the population.

**The aim** of this study is to investigate the process of changing family relations among Kyrgyz youth.

**Methodological basis of the dissertation -** the methodological and theoretical-methodological basis of the thesis is a complex interdisciplinary approach; the research was based on the following general methodological principles of sociological analysis: the fundamental theoretical positions and ideas of the classics of the world's sociological thought, as well as the quantitative method of investigation as a questionnaire survey method and in-depth interviewing.

**Scientific novelty of the research:** for the first time young people are viewed as a separate socio-demographic group and through the prism of the object of sociological reflection in the familistic aspect. As a result of studies and studies of various theoretical concepts, the causes of active transformations of family-marriage relations of the younger generation were identified and analyzed.

**Scope:** the data obtained in the course of the study can be used by teachers in the development of special programs and teaching aids, in the preparation of the younger generation for marriage with the expectation of gender identity and age characteristics of students, and also the specifics of the educational institution.

Certain provisions of the dissertation research are acceptable for the formation of new disciplines and lectures, seminars in higher educational institutions for the following special courses: "Sociology of the Family", "Sociology of Modern Youth", "Semeinology", etc.

Форматы: 60x84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75  б.т.      Нускасы: 50

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru